КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
НАРЫН РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ
БӨЛҮМҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
НАРЫНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ
ОБРАЗОВАНИЯ

772600, Нарын шаары, Т.Мамбеталиев №20

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

**2022-жылдын 22-июль № 91**

**2022-жылга карата Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 27-июнундагы №118-б буйругуна ылайык жана Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы акимдин **163-б** буйругун аткарууга алуу максатында, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү мыйзамын жетекчиликке алуу менен Нарын районундагы билим берүү мекемелеринде мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 27-июнундагы **№118-б** буйругу жетекчиликке жана аткарууга алынсын;

2. Нарын районундагы билим берүү мекемелеринде мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жана тил саясатын өркүндөтүү боюча 2022-жылга карата иш планы тиркемеге ылайык бекитилсин.(тиркелет)

3. Мектеп директорлору жана бала бакчанын башчылары иш чаранын планын аткарууга алуу менен иш-пландын аткарылышын жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытында жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу маалыматты ар бир айдын 3-числосунда Нарын райондук билим берүү бөлүмүнүн электрондук почтасына жиберсин.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Нарын райондук билим берүү бөлүмүнүн усулчусу Р.Абыкеевага жүктөлсүн.

**Бөлүм башчы** **Г.Исакова**

Сканировано с CamScanner